Эл аралык билим берүү программалары колледжинин коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн

# №5 ПРОТОКОЛУ

20.02.2022-жылы
Ош шаары
ЭАБППКнын,108-аудитория
Катышты:45 окутуучу
Чогулуштун төрөйымы:Таштанова Ж.А.
Катчысы:Эргашева М.К.

**Каралуучу маселелер:**
1)Бөлүмдүн окутуучуларынан 2021-2022-жж- окуу жылынын кышкы сессиянын жыйынтыгы боюнча сапаттык жана жалпы корсоткүчтөр боюнча эсеп-кысап алуу.(цикл жетекчилери)
2)Окутуучулардын усулдук тажрыйбасын жогорулатуу үчүн атайын семинарлар жөнүндо сөз кылуу (бөлүм башчысы)
3)Котормо иши адистигинин (11-кл. базасы)3 к.(9-кл.базасы)курстарынын студенттеринин кесиптик-базалык практикасынын эсеп кысабын талкуулоо жана бекитүү(бөлүмдүн практика боюнча жооптуусу Г.Жакыпова)
4)Ар түрдүү маселелер
**Угулду:**
1-маселе:

1-маселе боюнча бөлүмдүн жетекчиси Ж.Таштанова тааныштырды.Цикл жетекчилери 2021-2022жж- окуу жылындагы жалпы көрсоткүчтөр боюнча отчетторун тапшырышат.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

КТАМТ предметтик циклынын окуу-усулдук ишери боюнча маалыматты Б.Байтикова тааныштырды.КТАМТ предметтик циклында 9 база 1 курстарында "Кыргыз тили", "Кыргыз адабияты", "Дуйнөлүк адабият" предметтери өтүлөт.9 база 2-курстарда "Кыргыз тили жана адабияты". "Манас таануу",11 база 1-куртсарда "Кыргыз тили жана адабияты", "Манас таануу" предметтери өтүлөт

Жалпы предметтик циклга 8334 саат пландалган.Аткарылганы 8186 саат.Саат эсеби колледждеги тайпалардын санына байланыштуу кыскарган.

Сентябрь айында аткарылган иш чаралар.Студенттердин эл жерди сүйүү патриоттуулук сезимин ойготуу максатында сентябрь айындда патриоттук темада эссе сынагы жана КРдин мамлекеттик тилинин Гимнин ырдоо,көркөм окуу сынактары болду.Ошондой эле 23-сентябрь – Мамлекеттик тил майрамына карата предметтик циклдын окутуучулары сабак берген колледждерде иш –чаралар өткөрүлдү.

Мектеп менен байланыш.Мектеп директорлоруна жана окуу иштери боюнча орун басарларына,соцпедагогдорго 2 күндук семинар өтүлдү.Семинарды КТАМТ предметтик циклынын төрайымы ,доцент Б.Байтикова өттү.Циклдын окутуучулары Б.Байтикова ,А.Кулушева ,К.Конурбай, А.Пазиева,З.Апышова,К.Жунусовалар мектеп мугалимдерине "Энелер мектеби" боюнча 6 жолу усулдук семинар өтүлдү.

Циклдар арасында "Ырдайлы кыргыз ырларын" (29-сентябрь) жыйынтыктоочу сынагы болуп,бул сынакка Эл аралык билим берүү программалары,STEM инновациялык колледжинин,финансы-юридикалык колледжинин ар кайсы адистиктеги циклдардын окутуучулары студенти менен катышты.Кечеге ОшМУнун мамлектетик тил жана социалдык

Scanned with CamScanner

иштер боюнча проректору,доцент Мактура Шарипова ,искусство факультетинен Роза Шукуралиева,Айнура Нурубаева жана кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинен Нуркамал Манаева катышышып,далыс болуп беришти.

23-сентябрда –мамлекеттик тил майрамын ,12- декабрь –Адабият күнүн Ош областтар аралык балдар клиникалык ооруканасында өткөрүп келишти.Окутуучулар Г.Толонов жана Г.Малдинова тарабынан 4-декабрь –Манас күнүнө карата финансы –юридикалык колледжинде адабий-музыкалуу кече, ал эми ЭАБШ колледжинде К.Конурбай кызы тарабынан "Манас таануу" предметинин ичинде викторина болуп өттү.

Орус тили циклынын жетекчиси Г.Мадмирова бизде 16-окутуучу бар.Биздин циклде 1-жарым жылдыкта УМК,силлабус,жумушчу программа түзүлдү.15-октябрда М.Лермонтовга арналган кече уюштурулду.1,2-модулдарга экзаменге суроолор ,тесттер түзүлдү.Мадулдар,экзамен убагында алынды.

Англис тилинин циклынын жетекчиси Б.Амиракулова окуу жүктөм боюнча сааттар бөлүп чыгарылды.13-окутуучу эмгектенет.2окутуучу Конфуцийде ,2 окутуучу STEMде ,3 окутуучу ФООКта ,6 окутуучу ИПКда эмгектенишет.УМК,жумушчу программа,силлабус түзүлдү.

2-маселе.

Ачык семинар боюнча 2 окутуучу Э.Базарбаева жана Б.Амиракулова өтүштү. "Power point" тиркемеси аркылуу презентация жасоо деген темада семинар өтүлдү.Өз ара сабакка катышуу боюнча ар бир окутуучу сабактарга катышышты.

Макала жазуу боюнча Г.Атчибарова жана Г.Назарова ушул окутуучулардын макалалары Казакстанга РИНЦке чыкты.Г.Назарованын "Түшүнүү проблемасы жана чет тилдерин окутууда окуу жана жазуу жөндөмдөгү каталардагы алдын алуунун методикасы" Казахстан республикасына "Bobek" китебине №4,15-бетине 15-декабрда 2021-жылы чыкты.Г.Атчибарованын "Англис тили аркылуу композиция –дискуссияларды окутуунун жолу"Казакстан республикасына "Bobek" китебине №4 санына 15-декабрь айында 2021-жылы РИНЦке чыкты.Калган окутуучулардын макалалары басмага даярдалып иштелип жатат. Дисциплина боюнча студенттердин деңгээлин текшерүү абсолюттук 79,05 сапаттык 60,05

Тарбиялык иштер боюнча Кудайберди к.А.жылдын башында иш план бекитилген.Сентябрь айына "Тамеки вирусу"жөнүндө кураторлук саат өтүлгөн. Кыргыз тили циклы менен биргеликте С.Каримованын 70-жылдык юбилейи өткөрүлдү.

Кытай тилинин ПЦК жетекчиси Г.Жакыпова.Кытай тили циксында 7 окутуучу бар.Окуу жүктөмү боюнча жалпы саат 2127 саат .Абс.94%,сапаттык 69%. УМК,силлабус ,иш пландар түзүлдү.Кытайы тили циклында окутуучулар студенттерди окуудан сырткары HSKге даярдашат.

Студенттердин майрамына карата "Шанхай сити"мейманканасында кече уюштурулду.Аманбек к.Н. "Лунь юй" чыгармасынын кыргызча котормолору менен илимий макаласы ОшМУнун журналына №3 259-265бб.чыкты.Ж.Таштанованын басмадан чыккан макаласы "Туйшаньчэн или город Ош –город у высокочтимой горы"

3-маселе

Практика боюнча Г.Жакыпова .Студенттер 1-жарым жылдыкта практикага чыгышты.Кесиптик дисциплиналар бөлүмү 7 компания менен иштешет.Алар: Таатан соода борбору,Шанхай сити мейманканасы,Ала Бука району,окуу борборлору.

Ар түрдүү маселелер

Алар кайсыл учурунда окутуучулар семинарларга катышып жатышат.Кадрдык резервде биздин окутуучулар жогорку баллды алышты.Бул бөлүм үчүн үчүн жакшы көрсөткүч.

Scanned with CamScanner

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Окутуучулардын усулдук тажрыйбасын жайылтуу максатында семинарлар өтүлсүн.
2.Бөлүмдүн окутуучуларынын 2021-2022- окуу жылындагы сапаттык жана апсолюттук көрсөткүчтөрү төмөн болгон тайпалар менен окутуучулар студенттер менен биргеликте кайрадан иш алып барсын.

КД бөлүм башчысы Ж.Таштанова

Катчысы М.Эргашева

Scanned with CamScanner